- Ар жуманын дүйшөмбү күндөрү линейка өткөрүү;
- Санитардык жана башка газеталардын көзөмөлдүк кылуу;
- Мектеп санитардык абалын көзөмөлдөө;
- Отличник окуучулардын бурчун жыл сайын жаңыдан чыгару;.
- Энелер мектебин уюштуруу.

**5.10.** Соцпедагогдун милдеттери:
- Турмуш шарты оор үй бүлөнүн мектепте окуган балдардын учётко алуу жана аларга айыл өкмөтү ж.б. уюмдардан материалдык жардам алып келүү;
-Жарым жетим, тологок жетим балдардын тизмесин аныктоо жана алар менен иш алып баруу;
- Окууга тартылбаган окуучулар менен иштөө;
- Сабакты көп калтырган окуучулар менен иштөө;
- Туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок окуучуга күбөлүк алууга жардам берүү;
- Окуучулардын жана мугалимдердин социалдык картасын түзүү;
- Инвалид балдар менен иштөө жана билим алууга шарт түзүп берүү;
- Мектептин жана ар бир класстын жаңы окуу жылына карата социалдык паспортун түзүү;
- Майып балдар күнүн өткөрүү. (ар биринин үйүнө баруу);
- Кылмыштуулукту алдын алуу;
- Таажы илдетин алдын алуу чараларын көрүү мугалимдер, чарба кызматкерлери жана окуучуларга тиешелүү санитардык эрежелерди уюштуруу.

**5.11.** Профкомдун милдеттери
- Мугалимдер жана чарба кызматккерлеринин эмгегин коргоо боюнча иш алып баруу;
- Мугалимдер жана техникалык кызматкерлердин жумуш ордунун зыяндуулугун көзөмөлдөө жана акт корутунду түзүү;
- Мугалимдер жана техникалык кызматкерлерге бир жылдык эки жолу (сентябрь, март) техникалык коопсуздуктун эрежелерин окутуу;
- Мугалимдердин кесиптик, жаңы жыл майрамдарын уюштуруп өткөрүү.
- Мугалимдердин жана техникалык кызматкерлердин жумуш аралыгында жана эмгек өргүү мезгилинде эс алууларын уюштуруу;
- Сабактын расписаниесине көзөмөл кылуу. Колунда жаш баласы барларга шарт түзүп берүү;
- Мектеп администрациясы менен биргеликте иш алып баруу.
- РайБББнын кесиптик кошунунун жыйындарына катышуу;
- Мугалимдердин эс алуу бөлмөсүн жасалгалоо жана "Мугалимдердин статусу", "Пенсияга чыгууга даярдык", "Өкмөт тарабынан мугалимдер үчүн көрүлгөн камкордуктар" ж.б. темадагы дубал газеталарды уюштуруу.

**5.12.** Чарба жетекчисинин милдеттери.
- Мектептин имаратын, короосун, класстагы инвентарлардын сакталышына жооп берет;
- Чарба кызматкерлеринин эмгек тартибин көзөмөлдөйт жана табель түзөт;
- Мектепке өрт коопсуздугун алдын алуу иштерин жүргүзөт;
- Мектептин ремонт иштерине жетекчилик кылат;
- Мектептин короосунун жана класс кабинеттеринин тазалыгын көзөмөлдөйт;
- Техникалык кызматкерлердин социалдык абалдарын анализдейт жана аларга жардам көрсөтөт;
- Техникалык кызматкерлердин керектүү каражаттар менен камсыз кылат жана шарт түзүп берет;